***DOI:10.26104/NNTIK.2022.39.35.039***

*Кадыралиева К., Макеев А.К.*

## «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЭТНОПЕДАГОГИКАЛЫК ТААЛИМ-ТАРБИЯ МЕКТЕПТИН ОКУУ-ТАРБИЯ ИШИНДЕГИ КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ УЧУРУНДА

*Кадыралиева К., Макеев А.К.*

## ЭТНОПЕДАГОГИЧЕСКОЕ ВОСПИТАНИЕ В ЭПОСЕ «МАНАС» В УЧЕБНО-ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЕ ШКОЛЫ ВО ВНЕКЛАССНОЕ ВРЕМЯ

*K. Kadyralieva, A. Makeev*

## ETHNOPEDAGOGIC EDUCATION IN THE EPIC «MANAS» IN THE EDUCATIONAL WORK OF THE SCHOOL DURING EXTRACURRICULAR TIME

*УДК: 378*

*Макалада кыргыз элинин мурунку, кийинки муун манасчылары жана алардын манасчылык касиеттери, ошондой эле манасчыларадын көркөм мурас ээлери катары фольклористикадагы орду, Манас таануу илими жана алардын изилдениши, ошондой эле үйрөнчүк,чала,чыныгы,чоң жана легендарлык, классикалык, оозеки салттуулукту жана жазуу үлгүнү ала жүргөн жазгыч аткаруучу манасчылар тууралуу берилип, учурунда окумуштуу-академиктер В. Жирмунский, В. Козин, В. Горделевский, Л.Леонов М.Ауэзов, А.Салиевдер жана башкалар манасчыларга баалоонун жогорку деңгээлин беришкендиктери айтылды. Белгилүү адис музыка изилдөөчү В.Виноградов С.Каралаевдин өз аткаруусундагы «Манаста» обондорунун 28 варианты, манасчылык өнөр жөнүндө М.Букеевдин, Б.Шамшиевдин даректүү кино тасмалары, Акелең Кускаковдун «Саякбай сырдуу дүйнө» аттуу драмасы, манасчыны тандоо процесстери ошондой эле учурдагы илимдеги, келечектеги багыттары тууралуу берилди.*

***Негизги сөздөр**: манасчы, көркөм мурас, өнөр, касиет, кийинки муун, билим, сейрек, кыргыз эли, оозеки чыгармачылык.*

*В статье рассказывается о манасоведении и манасчы предыдущего, следующего поколения, а также о месте манасоведения как обладателей художественного наследия, манасоведении и их исследованиях, а также про сказителей-манасчы, которые являются любительскими, нечеткими, настоящими, великими и легендарными, классическими, устными традициями и письменными образцами. Ученые-академики В.Жирмунский, В.Козин, В.Горделевский, Л.Леонов М.Ауэзов, А.Салиевы и другие дали манасчы высокий уровень оценки, говорят, что это так. Известный специалист, музыкальный исследователь В.Виноградов дал 28 вариантов мелодий в «Манаса» в исполнении С.Каралаева. Были представлены документальные фильмы М.Букеева с Б.Шамшиевым, драма Акелена Кусакова «Тайный мир Саякбая», процессы отбора манасчи также были представлены о будущих направлениях современной науки.*

***Ключевые слова**: сказители Манаса, художественное наследие, талант, свойства, следующее поколение, знания, редкость, кыргызский народ, устное творчество.*

*The article tells about the Manas studies and manaschi of the previous, next generation, as well as about the place of Manas studies as owners of artistic heritage, Manas studies and their research, as well as about the storytellers-Manaschi, who are amateur, fuzzy, real, great and legendary, classical, oral traditions and written samples. Academic scientists V.Zhirmunsky, V.Kozin, V. Gordlevsky, L.Leonov M.Auezov, A.Saliev and others gave manas a high level of assessment, they say that this is so. A well-known specialist, music researcher V.Vinogradov gave 28 variants of melodies in "Manas" performed by S. Karalaev. Documentaries by M.Bukeev with B.Shamshiev, Akelen Kusakov's drama "The Secret World of Sayakbai" were presented, the selection processes of manaschi were also presented about the future directions of modern science.*

***Key words:** the storytellers of Manas, artistic heritage, talent, properties, the next generation, knowledge, rarity, Kyrgyz people, oral creativity.*

«Манас» эпосу – кыргыз мамлекетинин идеологиялык пайдубалы гана эмес, жаш муундарга таалим-тарбия берүүнүн ийкемдүү куралы десек жаңылбайбыз.

«Манас» эпосунда эл, жер, Ата Мекен жөнүндө, аларга болгон сый-урмат сезимдер, ыйык милдет, элдин эркиндик үчүн болгон күрөштөрү, коңшу элдер менен болгон достук жана өз ара мамилелери өтө бийик чагылдырылып, калктын муундан-муунга мурас болуп өтө турган капкалуу казынасы катары дүйнөлүк деңгээлдеги орду чоң.

«Кыргыз элинин бир гана улуу касиети бар – бул Манас!

Улуттун дүйнө таанымы – бул анын жашаган жери, тарыхы, азыркы күнү.

Улуттун дүйнө таанымы – анын коому, табияты, ичкен-жеген тамагы, маданияты, үрп-адат салты, тили» - деп XX кылымдагы манасчылык өнөрдүн учугун улагандардын бири ири манасчыбыз Таланталы Бакчиев белгилегендей, таалим-тарбия дегенибиз тарбиялап жаткан адамдын жүрөгүн таасирлендирүү эмеспи.

Ушундан улам, өзүбүз эле эмес, чет элдик атактуу аалымдардын, окумуштуу илимпоздордун да «Манас» эпосу кыргыз турмушунун энциклопедиясы» - деп айткандары бекер эмес [7, 420-б.].

2011-жылы 9-июнда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши «Манас» эпосу жөнүндөгү (жети бөлүмдөн турган) Мыйзамды кабыл алганын билебиз. 2011-жылы 28-июлда Кыргыз Республикасынын Президенти Роза Отунбаева Т.Сатылганов атындагы Улуттук Филармонияда расмий түрдө эл алдында кол койгон. Ушул мыйзам кыргыз элинин кайталангыс руханий мурасы - «Манас» эпосунун үчилтигин («Манас», «Семетей», «Сейтек») сактоого, өнүктүрүүгө жана даңазалоого байланыштуу маселелерди жөнгө

салат, - деп айтылат.

Көчмөндөр цивилизациясы деп аталган «Манас» доорундагы адамдык асыл баалуулуктар, өзгөчө сөз менен иштин айкалышы, бүгүн жалпы кыргыз элине, ошондой эле келечек муундарга талим-тарбия берүүдө табылгыс үлгү.

Ошентип, 2011-жылдын 28-июнун «Манас» эпосу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган тарыхый күн деп кубанып келебиз. Бирок бул мыйзам кандай иштеп жатат, «айтылган сөз - атылган ок» сыяктуу дегендей, канчалык деңгээлде мыйзам ишке ашат деген ой дале болсо бүдөмүк.

Бүдөмүк дегенибиз, билим берүү тармагында: бала-бакча, орто окуу жайларында, мектептерде жана башка билим берүү мекемелеринде «Манас» сабагын окутуу боюнча атайын программалардын иштелип чыкпагандыгын айтсак жетиштүү болот. Бир гана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн «Манасты» окутуунун программасы иштелип чыкты. Ал эми ушул программа жогорку окуу жайларында кандай окулуп жатат? - деген суроо түйшөлтөт. Бала-бакчадан баштап, «Манас» таануу сабагынын киргизилиши учурда чечилбеген көйгөй болуп келет.

«Манас» эпосундагы этнопедагогикалык таалим-тарбия билим берүү тармагында төмөндөгүдөй багыттар аныкталса:

- «Манас» эпосундагы кыргыз этнопедагогикасы боюнча мугалим кесиптик кандай сапаттарга ээ болушу керек;
- «Манастагы» элдик педагогикалык дөөлөттөрдү тынымсыз өнүгүү абалында түшүнүү жана этномаданий таалим-тарбия жумуштарын практикада эски менен жаңынын элементтерин дайыма терең талдап, кылдат эске алууга умтулуу;
- «Манастагы» этномаданий таалим-тарбия жаатында программалык материалдарды долборлоо боюнча баштапкы тажрыйбага ээ болуу;
- «Манастагы» этнопедагогикалык илимий адабияттарды үйрөнүү, «Манастагы» фольклордук, турмуштук фактыларды илимий-педагогикалык өңүттөн талдап, илимий тыянак жасай билүү;
- «Манастагы» адептик идеалдар, этикалык нормалар;
- «Манастагы» улууларды сыйлоо, баланы сүйүү, үй-бүлөдөгү жана эл арасындагы жүрүм-турум, өз ара мамиледеги ыкластуулук. Коомчулуктун пикири. Орой-одонолукту теске салуу. Аруулук, жөнөкөйлүк, боорукерлик, сылыктык, моралдык эрктик сапаттар, ызааттуулук, меймандостук [3, 4-5-бб.];
- «Манастагы» салттар менен үрп-адаттардын социалдык-педагогикалык жана руханий-этикалык маңызы;
- «Манастын» педагогикасындагы адептүүлүккө тарбиялоонун усулдары: өрнөк,түшүндүрүү, ишеним, бата, өтүнүч, кеңеш, ишарат, алкоо, зекүү, көндүрүү, тыюу. Мектепте, коомдук жайларда, үйдө адамдык жана улуттук беделди басмырлаган таасир этүү чараларына жол берилбестиги;
- «Манастын» педагогикасында эмгек жана эмгекке тарбиялоого карата көз караштары. Салттуу эмгектин түрлөрү (көркөм кол өнөрчүлүк, узчулук, устачылык, айыл-чарба эмгеги);
- Өз ара жардамдашуу үй-бүлөдөгү, туугандар жана кошуналар ортосундагы, уруу жана айыл ичиндеги биргелешкен эмгек «Ашар» жамааттык көмөктөштүк жөрөлгөсүнүн педагогикалык маңызы. Эмгек майрамдары, үй-бүлөнүн эмгек ишмердигине балдарды эрте аралаштыруу, көркөм кол өнөрчүлүккө балдарды тартуунун жолдору [3, 28-30-бб.];
- Эмгектин бөлүнүшү: аялдардын, эркектердин жана балдардын иши. Адамдык асыл нарктар, мураскорлук;
- «Манас» эпосундагы элдик педагогиканын булактары;
- Улуу баян, улуу жомоктун кеменгерлигинин таасын көрүнүшү;
- «Манастагы « адам тарбиялоодогу кош кабат педагогикалык цикл;
- Манасчылар - ыр пайгамбарлары жана педагогдору экендигине ынандыруу.

«Эң күчтүү, эң таасирдүү, эң ишенимдүү педагогика - элдик педагогика, ал эми тарбиячылардын мыктысы – эл» деп академик Г.Н. Волков айткандай «Манас» эпосунда кыргыз элинин улуттук сыймыгы катары элибиздин тарыхы, этнографиясы, маданияты толук чагылдырылып, келечек муунга таалим-тарбия берүүдө маниси зор. «Манас» эпосунда үй-бүлөдө баланы тарбиялоо этномаданий нукта жүргүзүлөт. Ошондуктан, бүгүнкү үй-бүлөдө ата-баланын, эне менен баланын ыйык баркын кайра жаратуу [1, 42-б.]:

- «Манастын» педагогикасында тарбиялоонун элдик салттарынын мыкты берилиши бүгүнкү үй-бүлөдө шыктандыруу;
- Класстан тышкаркы убактарда балдарды улуттун, элдин маданиятына тартуу боюнча мугалимдер менен ата-энелердин биргелешкен иш-аракеттеринин формалары жана методдорун уюштуруу;
- «Манас» эпосунун баалуулуктарын бүгүнкү мектептин окуу-тарбия иштеринде жана класстан тышкаркы сабактарда пайдаланууга жетишүү;
- «Манас» эпосундагы этнопедагогикалык баалуулуктарды класстан тышкаркы учурда окуп-үйрөнүүнү жана кеңири жайылтуу боюнча мугалимдердин жана ата-энелердин, мектеп окуучуларынын иш-аракетин уюштуруунун жолдорун колго алуу;
- «Манас» эпосундагы инсандар идеалы.

Манасчылар - ыр пайгамбарлары. Улуу мурасыбызды уланткан өзгөчө касиеттүү инсандар, алар эпос

менен элдин ортосундагы көпүрө болуп муундан - муунга улуу жомоктун нарк-насилин жеткирүүчүлөр. Манасчыларды төмөндөгүдөй бөлүп кароого болот:

*1-легендарлык манасчылар* - Ырамандын ырчы уулу - XIV к. Токтогул, Келдибек – XIV-XVIII кк.

*2-классикалык манасчылар* - Балык Бекмурат уулу, Тыныбек Жапый уулу, Чоюке Өмүр уулу, Назар Болот Уулу, Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев.

*3-оозеки салттуулукту сактап жазуу үлгүнү коо ала жүргөн манасчылар* - Мамбет Чокморов, Молдобасан Мусулманкулов, Кааба Атабеков, Шаабай Азизов, семетейчи Сейдене Молдокеева ж.б.

*4-жазгыч манасчылар* - Ыбрайым Абдырахманов, Тоголок Молдо, Жүсүп Мамай.

*5-аткаруучу манасчылар* - Кыргыз Эл артисти Уркаш Мамбеталиев ж.б.

*6-кийинки муундагы манасчылар* – XX кылымда манасчылык өнөрдүн учугун улагандар Ырыспай Исаков, Дөөлөт Сыдыков, Самат Көчөрбаев, Замир Баялиев,Таланталы Бакчиев, Улан Исмаилов.

*7-бала муун манасчылар* - Элбарс Асылбеков, Үмөт Дөөлөтов ж.б.дагы канчалаган манасчылар тарых барактарынан өз ордун алышты [4, 158-б.].

«Манас» айтуучулардын ичинен айрыкча С. Орозбаковдун жана С. Каралаевдин кыргыздын улуттук сыймыгы, улуу мурасы болгон «Манас» эпосун сактоодо жана өркүндөтүүдө кылган эмгектери баа жеткис. Кыргыз элинин сыймыгы болгон «Манас» эпосун даңазалап, анын улуулугун өзүнүн улуу талантты менен далилдеген, өз заманынын залкар манасчысы аталган С. Каралаев өзүнүн 60 жылдык өмүрүн «Манаска» арнап, «Манас» эпосунун үч бөлүмүн жаздырууда тоодой эмгек кылган. Калктын нукура тереңинен чыккан тубаса талант, классик, жомокчу, акын, эпик-ырчынын мына 125 жылдыгына арналган бул макала XX кылымдын гомери, жарым миллиондон ашык сапты жатка айткан залкарыбызга арналып отурат. Биз сыймыктанган манасчыларыбызды, башкача айтканда, дүйнөлүк деңгээлдеги педагогдор, окумуштуулар Волков Г.И, Я.А.Коменский, И.Г.Песталоцци, А.Дистервег) ж.б. менен тең даражада келечек муунга таалим-тарбия берүүнүн булактары деп сыймыктанып айтсак туура болот. Чынында «Манас» жомогу өзүнүн кайталангыс көркөмдүк кубаты боюнча нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна сиңирип, имандык, философиялык мазмундуу жыйынтыктоолору боюнча элдин тагдырын ар тараптан: жашоо тиричилик, үй-бүлө шарттары, ар-түрдүү салт-санаа, социалдык-коомдук турмуш тарабынан кеңири жана толук камтышы боюнча дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин үлгүсү катары сыймыктанабыз. Сөз жок, «Манас» эпосунда реалдуу турмуш, тарыхый окуялар (кыргыз элинин тагдырына байланыштуу) чагылдырганы талашсыз. Ал турмак, эпостун келип чыгышы да белгилүү бир тарыхый кырдаалга байланыштуу болушу мүмкүн [3, 520-б]. Бирок, «Манас» тарыхый санжыра эмес. Бул баарынан мурда ошол тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде кыргыз элинин чыгармачылык генийинен жаралган, улам такталып, тазарып, артык баш жүктөрдөн бошонуп, керектүү зарыл жаңы кошумчаларды кабыл алып, тулку боюна сиңирип, өзүнүн бүгүнкү көз кайкыган бийиктигине жеткен көркөм чыгарма. Ошондуктан, бул чыгармада кадимки кадыресе жашоо, тиричилик менен катар акыл жеткис укмуштуу фантастика, тарыхый окуялардын алыскы чагылышы, шумдуктуу миф табигый түрдө бирге, жанаша жашайт. Аларды биринен-бирин ажыратууга, бөлүп алууга болбойт. Алар бири-бири менен өтмө катар чырмалышкан.

Элдин көркөмдүк аң-сезими аркылуу муундан-муунга, укумдан-тукумга өткөн «Манас» эпосу бышып, жетилип, чыңалып, күчүнө толуп турган кезде бизге - биздин күнгө туш келди. Бул анын зор тарыхый бактысы. Болбосо ким билет, эпос эмес эпосту жараткан эл улам бир трагедиядан бир трагедияга учурап, азаюдан-азаюуга бараткан. Улуу Октябрдын жаркыраган таңы менен кыргыз эли капарына келбеген жаңы дүйнөгө туш келип, анын бирден-бир перзенти «Манас» эпосу сөздүн түз маанисинде да кайрадан жаралды. Улуу эпос эми өзүнүн экинчи өмүрү, түбөлүк өлбөс өмүрү, китептин өмүрү менен жашоо дооруна өттү. Ошентип, бир мезгилде ооздон-оозго өтүп, уруудан-урууга гана белгилүү болгон зор эстетикалык окуя өзүнүн накта көркөмдүк наркына ээ болуп, дүйнөлүк маданияттын алтын казынасына түздөн-түз келип кошулду.

Ааламдашуу доорунда казынабызга кайрылып, билим берүү системасына коомчулук, ата-энелер менен иштөөдөгү класстан тышкаркы учурдагы «Манас» эпосундагы этнопедагогикалык баалуулуктарды өнүктүрүүдө учурда чоң көйгөй болуп жатпайбы.

«Кийинки муундун тагдыры, мурунку муунга байланган» - деп Конфуций айткандай кыргыз эли эзелтеден бийик нарк-насилдүү, беттегенин бербеген эр жүрөк, ар-намысты туу туткан, эл үчүн башын сайган баатыр, көчмөндүк улуу рухту байырлаган, табиятынан туюму күчтүү, тубаса таланттуу эл экенибиз менен сыймыктанып келебиз.

Ошондуктан, «Манас» эпосундагы этнопедагогикалык баалуулуктар таалим-тарбия берүүдөгү класстан тышкаркы учурдагы ишмердүүлүктү өнүктүрүүдө жеткиликтүү болсо, анда кыргыз элинин тарыхын, маданиятын тереңирээк жайылтуу максатын көздөйт эле.

«Манас» эпосундагы этнопедагогикалык таалим-тарбияны мектептин окуу-тарбия иштеринде пайдаланууга карата сунуштар:

- кыргыз эл педагогикасындагы тарбиянын жалпы маселелери;
- бүгүнкү кыргыз мектебинин мугалиминин этнопедагогикалык компетенттүүлүгү;
- билим берүүдө, коомчулукта, мектепте класстан тышкаркы учурларда «Манас» эпосундагы төмөндөгү этнопедагогикалык баалуулуктар, таалим-тарбия системалуу берилсе, же болбосо бала-бакчадан, башталгыч класстын окуучуларынан башталса өз жемишин берет эле деген чоң ишеним турат:
- «Манас» эпосундагы тулпарлар;
- «Манас» эпосундагы курал-жарактар;
- «Манас»эпосундагы кийим-кечелер;
- «Манас»эпосундагы жер-суу аттары;
- «Манас»эпосундагы дары-дармектер;
- «Манас»эпосундагы жапайы жана укмуштуу айбанаттар:
- Ак шумкар баяны;
- Кумайык баяны;
- «Манас» эпосундагы элдик оюндар;
- Көзкаман ким?
- «Манас» эпосундагы сөз берметтеринин галереясы [6, 76-б.]:
- улуу эпосту окутуу процессинин окуу программаларында окуу китептери, усулдук колдонмолор, иштелмелер, көрсөтмө куралдар, укма-көрмө каражаттар, илимий-популярдуу басылмалар, кошумча окуу куралдары, эпостун тексттери менен камсыз кылуу;
- «Манас» боюнча окуу фильмдеринин сценарийин түзүү, электрондук окуу куралдарын жаратуу, театралдык-кино архивдердеги «Манаска» тиешелүү материалдарды окуу-тарбия максаттарына пайдаланууну жүзөгө ашыруу;
- «Манас» боюнча окутуу-тарбиялоо ишиндеги алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү жана жайылтуу.

Бул багытта республикабызда новатор-педагогдун катарында кыргыз тили жана адабияты мугалими Бектур Исаков агайыбыз жаңыча педагогикалык философиясын, бүгүнкү инсанга багыттап окутуу теориясынын рухун илгери эле өзүнүн күчтүү педагогикалык тажрыйбасында көрсөтүп келген.

80-жылдардагы улуу новатор-педагогдор В.Ф. Шаталов, С.Н. Лысенкова, И.Н. Ильин, И.В. Волков, М.П. Щетинин, В.Б. Никитин, Ш.А. Амонашвили, Л.Никитина, В.А. Караковскийлер менен тең ата Кыргызстандан Бектур Исаков агай болгондугу бизди сыймыктантат.

Дүйнөлүк педагогиканын аталары Коменский, Руссо, Пестолоцци, Ушинскийдин, Толстойдун, Корчактын, Сухомлинскийдин идеялары менен үндөшүп, Бектур Исаков агайыбыздын «Манас» сабагында мугалим менен окуучу экөө бирдей активдүүлүгүн көрсөтүп, экөөнүн күчү бири-бири менен биригип кетет да, натыйжа жаратат [5, 72-б.].

Учурда кыргыз элин көзкамандар курчап алган жокпу деген ойлор келет. Себеби: Көзкаман – бул тамырсыз адамдын символу. Маңкурт душмандын колундагы куурчак жана өзүнүн «учкан уясына» каршы пайдалана турган курал. Көзкаман бизге көрсөтүп турган «Манастын» ачуу сабагы жана кара түстөгү белгиси. Көзкаман – тамырсыз адамдын жамаат үчүн, улут үчүн социалдык жактан өтө коркунучтуулугу жөнүндөгү Манастын эскертүүсү.

Манастын педагогикасы - бул балада тарыхый эс тутумду тарбиялоо аркылуу улутту сактоонун педагогикасы. Саны аз калктарды ассимиляциялап окутуп коюуга жөндөмдүү бүгүнкү глобалдашуунун агрессивдүү чабуулдарынын шарттарында «Манастын» бул улуу педагогикалык сабагын, башкача айтканда, бабалардын бала тарбиялоо даанышмандыгын бекем түйүү жана пайдалануу келечек муундарыбызды улуттук иденттүүлүктү, этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу үчүн аба менен суудай зарыл нерсе.

«Тарбиянын жакшысы - тагдырымдын ачкычы» дегендей, «Манас» - адам рухунун тумары, кыргыз элинин айгайлап салчу урааны. Ал адамдын жан дүйнөсүнө эненин сүтү менен кириши керек. Ошондо гана ал сөөк менен чыгат. Кыскасы, «Манастын» Насыяты (Манасыят) коомчулукта да, билим берүү системасында да, үй-бүлөлүк тарбияда да, турмуштун өзүндө да бекем карманган туу эрежебиз болуу менен катар, «Манастын» тилин үйрөнүү таалим-тарбия ишинин мүдөөлөрүнөн болуп калууга тийиш.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Этнопедагогика илими жөнүндө жалпы маалымат. Эл агартуу.-1996. -№7, 8-56-62-б.б.
2. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. -Б., 2001. - 42-б.
3. Байгазиев С. «Манас» эпосунун руханий-адептик-философиялык, патриоттук улуу дөөлөттөрү жана педагогикалык асыл-нарктары. - Б., 2014. - 600 б.
4. Бакчиев Т.А. Манас таануу: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралы. / Республикалык «Манас» жаштар ордосу. - Б.: «Кут Бер», 2012. - 164 б.
5. Исаков Б. «Манас» эпосун окутуу: Иш-тажр: Муг.үчүн. методикалык колдонмо. - Ф.: Мектеп, 1989. - 76 б.
6. Кадыралиева К. Манас алиппеси: окуу-усулдук колдонмо. - Б., 2014. - 76 б.
7. Муундар мурасы-сөз түзгөн К.Ысманова. - Б., 2018. - 552 б.
8. Кадыралиева К. «Манас» - ценное наследие. / Известия вузв Кыргызстана. 2011. - №.4. - С. 253-255.